Кыргыз тили жана адабияты боюнча райондук/шаардык олимпиаданын тапшырмалары (орус класстары үчүн). **2-күн.**

**Кыргыз адабияты**

# СТЕНДГЕ ИЛҮҮ ҮЧҮН ЖООПТОР ЖАНА КАЛЫСТАР ТОБУ ҮЧҮН БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

**Тапшырма.** Бектур Илястын «Олжо» аттуу чыгармасын КУНТ КОЮП окуп чыккыла. Бул чыгарма тууралуу пикир-дил баян жазгыла. Пикир-дил баян жазууда төмөндөгү көмөкчү суроолорду жетекчиликке алгыла.

- Чыгарманы окугандан кийин кандай таасирде калдыңар?
- Бала баштыктын түшүп калганын эмнеге айтпай үйүнө алып кеткиси келди?
- Атасы эмнеге ыраазы болгон жок?
- Силер баланын ордунда болсоңор эмне кылмаксыңар?
- Автор кандай көркөм сөз каражаттарын колдонгон? Алар чыгармада кандай милдеттерди аткарат?

**Эскертүү**: Окуучулардын бул суроолорго өз-өзүнчө жооп берүүсү талап кылынбайт; башкы максаты – алардын көңүлүн тексттин маанилүү жерлерине буруу.

*Бектур Иляс – кыргыз адабиятында жаңы чыгып келе жаткан, аңгемелери менен эл оозуна алынып калган жаш жазуучу.*

**Эскертүү: Автордун орфографиясы, пунктуациясы жана стилистикасы сакталды.**

## Олжо

Күзгү аптаптын ысыгын айтпа, күн мээ кайнатат! Буудайлар бышып, орулар мезгили жеткенине карабай, комбайн жетишсиздиги айынан бул жердинаштыгы али тыныч. Эгин талаасын аралап чыгыш кыркага кесип өткөн жалгыз аяк жолдо топо кечип, алма кемирип жөө келатам.

Айдоонун аркы четине чыга бериште эки түп долоно бар, ошого кичине көлөкөлөп, дем алайын деп жол четине бурулдум. Сарала тартып шуудураган жалбырактарды тиктеп чалкаман түшүп жаттым. Бир маалда аттын бышкырынганы угулду. Башымды көтөрсөм, Казакпай чал келатыптыр; үмүтүм үзүлө түштү. Кошуна отурган менен, жакындан бери кирди-чыктыбыз азайып, алтургай быйыл жазда жайыттын айынан катуу айтышып, камчы үйрүшкөнгө чейин барган биздин үйдөгүлөр менен. Үзүлүп түшкөн жалбырактын сабагын тиштегилеп отура бердим. Чал өтүп кетти. Мени көргөн жок. Шашылыш окшойт. Өпөңдөй теминип, атынан мурун өзү жетчүдөй болуп ээр үстүндө улам алдыга обдулат.

Сыягы, канжыгасы бошоп кеткендей. Чал айдоодон чыгып, эми эле төш таяна бергенде бөктөргөн ак баштыгы ат соорусунан жылмышып, кулап түштү. Кыйкырып эскертейин деп барып, жаздагы окуялар эсиме түшүп, унчуккан жокмун. Мен жүгүргөн бойдон барып ак баштыкты калың буудайдын арасына сүйрөп кирдим. Тырмалап жүрүп оозун араң чечтим. Ичи толгон кезмал экен. Жакында небереси Ырыскулдун кенже кызын алып качып келиптир деп уккам. Тойго даярданып жатканын дароо түшүндүм, кудаларга алган кийит экен да. Жегидей бирдеме карасам, эң эле түбүндө өңдөнөт. Мунун баарын чачсам, кайра батыра алар эмесмин. Эмне болсо да үйгө барганда бир эле көрөйүн дедим. Муну көрсө апам аябай сүйүнөт! Чүпүрөк-жапырак көрсө эле, баса калмайы бар.

Кийим тиккен кол машинеси бар. Ошонун жардамы менен курак курайт. Бизге желетке тигет... «Ит чалга сооп болгон экен!» деп атам андан бетер табасы канып, мага ыраазы болорун ойлогондо төбөм көккө жете түштү. Эмнегедир атам таптакыр мени мактачу эмес, ушу жолу мактабаганын көрөйүн! Баштыктын оозун кайра бекем бууп, буудайдын ансайын калың жерине карай сүйрөп кирип таштадым. «Үлп» эткен жел жок. Алтын данга толгон буудайдын баштарынан акырын кылтыйып чал ашкан кырды карап коём. Бир маалда Казакпай чал кайра тарткан экен, жүрүшү жанагыдан да катуу. Капталды бүтүн чаңдатып бат эле түшүп келди. Чүрүшкөн калпагынын төбөсү анда-мында бир көрүнүп, аштыкты аралай чаап, кайра айылга карай кетти.

Күн баткыча күтүп жаттым. Ысыкка думугуп, демим кысылганына караган жокмун. Чал алда небак ак баштыктан дагы бирди байланып кайра өтүп кеткен. Бечара киши, бир тайынчанын акчасын артык төлөмөй болду да! Күттүргөн күүгүм да келди. Ак баштыкты сүйрөп айдоодон чыктым.

Чал чаңдатып түшүп келип, чаңдатып ашып кеткен жол менен ак тер, кара тер болуп, башым булоолонуп баратам. Тек жолдон тапкан олжомду атам-апамдарга жеткирип капилеттен сүйүнтөйүн деген ой мага дем-күч берип, муунума тирек болуп келатты.

Акпаган жерден тер агып, кырга араң чыктым. Чал же бала-чакасы кезигип калбасын деп кырга чыккан соң түз жолдон чыгып, айланып жүрүп араң жеттим үйгө. Арсылдап үрүп чыккан иттин үнү тез басылганынан эле менин келгенимди сезсе керек. Эшик кайч ачылып, үлбүрөгөн шам чырактын жарыгы менен кошо апам тышка чыкты.

– Ой, бул эмне шумдугуң? – деди апам сүйрөгөн баштыгымды көрүп.

– Таап алдым! – дедим шанаңдап.

Ак баштыкты босогодон ары оонатып, атамды да даанараак көрсүн дегендей кырдап койдум. Уудан олжолуу кайткан мергенден бетер көңүлүм көтөрүңкү. Барбалаңдап олжомдун жөнүн айттым:

– Казакпай чалдыкы, канжыгасынан шыпырылып түшүп калды.

– Чал эмнеси?! – деди апам жактыра бербей кабагын чытып, – улуу киши да. Аксакал, ата деп сүйлөйсүң.

– Ым, – деп койдум азыр эле ал капалыгы жоголуп, баштыктын ичиндеги кезмалдарды көргөндө терисине батпай сүйүнөрүн ойлоп.

– Ал эмне экен? – деди төрдө чыканактап жаткан атам оордунан копшолуп.

– Бүт баары кезмал, жаңы дагы! – дедим баштыкты тышынан таптап. Түбүндөгү таттуулар жөнүндө айтпадым. Анан оозун чечүүгө камдандым.

– Тийбе! – деди атам ачууланып. – Бирөөнүн дүйнөсүн өзүнөн уруксатсыз оозун ачканың эмнең!? Тойго даярданып жаткан го. Бар, апарып бер!

Түшүнбөй калдым. Колго чапкандай шалдая түштүм. Атамдын кабагына карадым. Мындайда а кишиге артык сөз айтуунун кажети жок.

– Бир чыны кымыз ичип ала сал, – деди апам чанач жакка басып.

– Апарып берип келип бир эле ичсин! – деп койду атам. Сыягы, мага капа болуп калгандай.

Ак баштыкты босогодон кайра тышка оодардым. Талаада калгыр, не мынча зил?! Жанагыдан эки эсе оорлошуп кеткендей...

**Чыгарма тууралуу маалымат**

| Тема | Чыгармадагы сөздөр, айтымдар жана текст үзүндүлөрү |
|---|---|
| Өч алуу сезими | «Кыйкырып эскертейин деп барып, жаздагы окуялар эсиме түшүп, унчуккан жокмун», «Сооп болгон экен», «Табасы кануу».<br>Эпитет: ит чал. |
| Баалуу буюм таап алган баланын сүйүнүчү | «Муунума тирек», «Шанаңдоо», «Төбөсү көккө жетүү».<br>Эпитет: уудан олжолуу кайткан мерген. |
| Атасынын көңүл буруусуна муктаж болгон баланын сезими | «Эмнегедир атам таптакыр мени мактачу эмес, ушу жолу мактабаганын көрөйүн!», «Атамды да даанараак көрсүн дегендей кырдап койдум». |
| Адептүүлүк | «Чал эмнеси?! – деди апам жактыра бербей кабагын чытып, – улуу киши да. Аксакал, ата деп сүйлөйсүң». «Бирөөнүн дүйнөсүн өзүнөн уруксатсыз оозун ачканың эмнең!?». |

**Адабий чыгарма тууралуу пикир-дил баян** – окурмандын чыгармага берген баасы, жеке мамилеси чагылдырылып, чыгарманы окугандан кийин жаралган маанай сүрөттөлгөн жанр. Пикир-дил баян ой жүгүртүү түрүндө жазылып, тезистен (чыгарма тууралуу окурмандын пикири), бул пикирин далилдөөдөн жана корутундудан (чыгарма тууралуу жалпы баа), сунуштардан (бул чыгарманы кимдерге сунуштаса болот) турат.

<u>Пикир-дил баяндын болжолдуу түзүлүшү</u>:

1. Киришүүдө автордун аты-жөнү, чыгарманын аталышы берилип, чыгармада сүрөттөлгөн окуянын жүрүшү, орду жана мезгили кыскача баяндалат.
2. Негизги бөлүгү окулган текст боюнча пикирди камтыйт: эмоционалдык кабылдоо.
3. Корутунду чыгармага берилген жалпы бааны камтыйт: окууга кеңеш, өз оюн түшүндүргөн сунуш.

**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучулары үчүн пикир-дил баян жазуу тапшырмасын баалоо критерийлери**

**Максималдуу балл – 40.**
**Окуучулар пикир-дил баян жазууда төмөнкүдөй жөндөмдүүлүктөрдү көрсөтүшөт:**

1. Сунуш кылынган текстти окуп чыгып, анын негизинде **ЭҢ АЗ** 150 сөздөн турган **ыраattуу текст** түзүшөт (болжол менен түрдүү типтеги **15–20 сүйлөм**).
2. Чыгармада чагылдырылган көйгөйлөрдү канчалык **терең** жана **өз алдынча** түшүнө алганын көрсөтөт.
3. Окуучунун жазган тексти **мазмуну** жана **түзүлүшү** жагынан кептин «ой жүгүртүү» түрүнө **туура келет**.
4. Окуучулар берилген текстти колдонуп, **өз ойлорун далилдеп берет.**

Пикир-дил баян жазууда окуучулар сунуш кылынган суроолорго түз жооп берүүгө милдеттүү эмес; бул тапшырманын максаты тексттин көйгөйлөрү менен негизги өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурдуруу болуп гана саналат. Окуучулардын өз алдынча талдоо жолун тандап алууга акысы бар. Андыктан окуучунун аткарган ишин кароодо көмөкчү суроолорго жооп берилгенин же берилбегенин гана эмес, иштин мазмунун жалпысынан баалоо керек.

Эскертүү: Эгер
окуучунун аткарган иши эч кандай комментарийсиз, толугу менен кайра көчүрүлгөн же кайра айтып берилген текст болсо;
же 150дөн аз сөздөн турса;
же сунуш кылынган текстке таянбастан жазылган болсо;
же көркөм текст жөн гана кайра айтылып берилсе, же болгону сөздөрүнүн же сүйлөмдөрүнүн орун тартиби гана алмаштырылган болсо,
анда ал бардык критерийлер боюнча нөл балл менен бааланат.

| Пункт № / Критерийлер | Көрсөткүчтөр | Балл |
|---|---|---|
| **1. Иштин мазмуну** | Окуучу<br>• чыгармада козголгон **негизги көйгөйлөрдү белгилейт – 5 балл.** | **5 балл** |
| **2. Образдарды кабылдоо жана аларды түшүндүрүү** | Окуучу<br>• чыгармада колдонулган **көркөм кептин өзгөчөлүктөрүн белгилеп берет – 4 балл;**<br>• чыгармада колдонулган **негизги сүрөттөө-туюндуруу каражаттарын атап берет – 4 балл;**<br>• алардын чыгармадагы ролун ачып берет – **2 балл;**<br>• автордун **каармандар менен окуяларга карата мамилесин белгилеп берет – 3 балл;**<br>• **өз оюн жана сезимдерин билдирет** (окурмандын реакциясы, баалоо) **– 2 балл.** | **15 балл** |

| | | |
|---|---|---|
| **3. Окуучунун ишинин композициялык ырааттуулугу, тили жана стили** | Окуучу<br>• баяндоо учурунда **ырааттуулукту сактайт** (киришүү, негизги бөлүм, жыйынтык; абзацтарды түзүү, ойдон ойго өтүү) **– 3 балл;**<br>• текстти кептин ой жүгүртүү түрүнө ылайык түзөт (тезис – далилдер – мисалдар) **– 3 балл;**<br>• **жүйөлөр** чыгарманын мазмунунун түшүндүрмөсүнө **шайкеш келет – 3 балл;**<br>• өз ой-пикирлерине мисалдарды **келтирет**, ой жүгүртүүнү куруу үчүн **адабий материалды колдонот** (цитаталар, тексттеги кырдаалдардан сөз кылуу) **– 3 балл;**<br>• сөздөрдү **туура** колдонот жана **кептин эмоционалдуулугун, көркөмдүгүн** көрсөтөт **– 3 балл.** | **15 балл** |
| **4. Кептин практикалык сабаттуулугу жана тактыгы** | Окуучу кеп сабаттуулугун көрсөтөт (кептик жана грамматикалык каталардын жоктугу).<br>**Эскертүү:** Каталардын баарын эсептеген мектептин көнүмүш сабаттуулук критерийлери боюнча ишти толук текшерүү күтүлбөйт. | **5 балл** |
| | **Бардыгы** | **40 балл** |